КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ӨКМӨТҮНӨ КАРАШТУУ
ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ
ИШТЕРИ ЖАНА ЭТНОСТОР АРАЛЫК
МАМИЛЕЛЕР БОЮНЧА
МАМЛЕКЕТТИК АГЕНТТИГИ

ГОСУДАРСТВЕННОЕ АГЕНТСТВО
ПО ДЕЛАМ МЕСТНОГО
САМОУПРАВЛЕНИЯ
И МЕЖЭТНИЧЕСКИХ ОТНОШЕНИЙ
ПРИ ПРАВИТЕЛЬСТВЕ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# БУЙРУК

17 10 2018-ж. № 01-18/126 Бишкек ш.

## Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бузуулар жөнүндө иштерди кароо боюнча комиссиялары тууралуу Типтүү жобону бекитүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодексинин 313-беренесин, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 14-апрелиндеги №120-р буйругу менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Жазык кодексин, Кыргыз Республикасынын Жоруктар жөнүндө кодексин, Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексин, Кыргыз Республикасынын Жазык-аткаруу кодексин, Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодексин, "Пробация жөнүндө", "Мунапыс берүү негиздери жана аны колдонуу тартиби жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын ишке ашыруу боюнча иш чаралардын планын турмушка ашыруу максатында, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 8-майындагы №258-токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдын а башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттик жөнүндө жобонун 6-пунктунун “б” пунктчасынын экинчи абзацына ылайык, **буйрук кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бузуулар жөнүндө иштерди кароо боюнча комиссиялары тууралуу Типтүү жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бузуулар жөнүндө иштерди кароо боюнча комиссиялары тууралуу Типтүү жобону айыл өкмөттөрүнө, шаарлардын мэрияларына жеткирүүгө, анын негизинде алар тарабынан өз жоболору иштелип чыгылып, жергиликтүү кеңештердин сессияларында бекитилишине көмөк көрсөтүү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнөн, райондордун жергиликтүү мамлекеттик администрацияларынан суралсын.

3. Типтүү жобонун негизинде 2018-жылдын 10-декабрына чейин Айыл аймагынын (Шаардын) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын бузуулар жөнүндө иштерди кароо боюнча комиссиясы тууралуу жобону иштеп чыгуу жана жергиликтүү кеңештин сессиясында бекитүү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына сунуш кылынсын.

4. Агенттиктин облустардагы өкүлдөрү жер-жерлерде ушул буйруктун 2-, 3-пункттарын аткарууну уюштурушсун жана буйруктун аткарылышы жөнүндө 2018-жылдын 15-декабрына карата Агенттикке жазуу жүзүндө маалымат беришсин.

5. Пресс-катчы Ыманкалиев З.Ы. Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бузуулар жөнүндө иштерди кароо боюнча комиссиялары тууралуу Типтүү жобону Агенттиктин сайтына жайгаштырсын.

6. Уюштуруу иштери, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын усулдук жана маалыматтык жактан колдоо башкармалыгы Типтүү жобонун электрондук версиясын өз сайттарына жайгаштыруу үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн аппараттарына, республикалык маанидеги шаарлардын мэрияларына жөнөтсүн.

7. Административдик жана кадр иштери бөлүмү бул буйрукту зарыл санда көбөйтүп, Кыргыз Республикасынын ички иштер министрлигине, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн аппараттарына, республикалык жана облустук маанидеги шаарлардын мэрияларына, райондордун жергиликтүү мамлекеттик администрацияларына жөнөтсүн.

8. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө жагы директордун орун басары М.К. Байдылдаевге жүктөлсүн.

**Директор** **Б.У. Салиев**

Мендекеев Р.А. 622584